| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 27 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 5
«28» 01 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУ ректору
__________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/16
«28» 01 2026 г.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун САНАРИПТИК ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ТЕЙЛӨӨ БӨЛҮМҮ ТУУРАЛУУ ЖОБО

**Бишкек, 2026**

# ӨЗГӨРҮҮЛӨР БАРАКЧАСЫ

| № версии НПА | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүм/пункт же абзац № (бетти көрсөтүү менен) | И. Раззаков атындагы КМТУнун илимий кеңешинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | И. Раззаков атындагы КМТУ ректору тарабынан 2020-ж. бекитилген |
| 2 | Бөлүмдүн аталышын өзгөртүүгө байланыштуу өзгөртүүлөр киргизилди | Протокол №5 28.01.2026 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Санариптик инфраструктураны тейлөө бөлүмү (мындан ары — Бөлүм) И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — Университет) түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.
1.2. Бөлүм өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Университеттин Уставына, ректордун буйруктарына жана тапшырмаларына, Илимий кеңештин чечимдерине, ички нормативдик актыларга жана ушул Жобого таянат.
1.3. Бөлүм Университеттин санариптик инфраструктурасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу, анын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана маалыматтык коопсуздугун жогорулатуу максатында түзүлгөн.
1.4. Бөлүм түздөн-түз административдик-чарбачылык иштер боюнча проректорго баш ийет.

## 2. Негизги милдеттери

2.1. Сервердик жана тармактык жабдууларды, жумушчу станцияларды жана периферииялык түзүлүштөрдү пайдалануу жана техникалык тейлөө.
2.2. Санариптик инфраструктуранын абалын мониторингдөө жана анализдөө, модернизация боюнча сунуштарды даярдоо.
2.3. Окутуу, илимий процесстерге жана административдик ишмердүүлүккө заманбап санариптик технологияларды киргизүүгө көмөк көрсөтүү.
2.4. Маалыматтык коопсуздук системаларын киргизүү, коштоо жана өнүктүрүү.
2.5. Университеттин маалыматтык ресурстарын жана маалыматтарын коргоону камсыз кылуу.
2.6. Локалдык эсептөө тармактарын өнүктүрүү жана пайдалануу.
2.7. Интернет тармагындагы маалыматтык ресурстарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.
2.8. Университеттин маалыматтык ресурстарынын иштешин колдоо жана калыбына келтирүү.
2.9. Университет кызматкерлеринин санариптик сабаттуулугун жогорулатуу.
2.10. Университеттин миссиясына жана саясатына ылайык башка милдеттерди чечүү.

## 3. Түзүмү

3.1. Бөлүмдүн курамына төмөнкү түзүмдүк ички түзүмдөр кирет:
— Коопсуздук системаларын киргизүү жана колдоо сектору;
— Эсептөө техникаларын колдоо сектору (ЭТК);
— Тармактык коммуникация сектору.
3.2. Бөлүмдү башкарууну бөлүм башчысы жүргүзөт, ал Университеттин ректорунун буйругу менен административдик-чарбачылык иштер боюнча проректор менен макулдашуу менен дайындалат жана кызматтан бошотулат.
3.3. Бөлүмдүн структурасы жана штаттык расписаниеси административдик-чарбачылык иштер боюнча проректор тарабынан иштелип чыгып, пландоо-каржылык бөлүмдүн башчысы менен макулдашылып, Университет ректорунун буйругу менен бекитилет.
3.4. Секторлордун ишмердүүлүгүн түздөн-түз бөлүм башчысы жетектейт.
3.5. Бөлүм кызматкерлерин ишке кабыл алуу жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына, Университеттин уставына жана ушул Жобого ылайык аныкталат.
3.6. Бөлүм кызматкерлерин ишке кабыл алуу бөлүм башчысы менен макулдашылган Университет ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.
3.7. Бөлүм кызматкерлеринин кызматтык милдеттери алардын кызматтык көрсөтмөлөрү менен аныкталат, ал Университеттин ички нормативдик актыларына ылайык бекитилет.
3.8. Бөлүмгө коюлган милдеттер өзгөргөн учурда, Бөлүмдүн структурасы жана штаттык жүгүртмөсү өзгөртүлүшү мүмкүн.

## 4. Функциялары

**4.1. Коопсуздук системаларын киргизүү жана колдоо чөйрөсүндө:**

- Тармактык инфраструктуранын коопсуздугун мониторингдөө;

- Антивирус, антиспам чечимдерин жана басып кирүүгө бөгөт коюу системаларын орнотуу жана коштоо;
- Маалыматтык коопсуздук инциденттерин аныктоо жана алдын алуу;
- Маалыматтык коопсуздуктун бузулушун иликтөөгө катышуу;
- Университеттин санариптик инфраструктурасына жаңы коопсуздук технологияларын киргизүү;
- Видеокөзөмөл жана кирүү башкаруу системаларын монтаждоо, жөндөө, конфигурациялоо жана интеграциялоо;
- Бардык коопсуздук каражаттарынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу;
- Университеттин инфраструктурасын модернизациялоо боюнча заманбап долбоорлорго катышуу;
- Коопсуздук системаларын орнотуу жана тейлөө боюнча подрядчы уюмдар менен кызматташуу;
- Кызматкерлерге маалыматтык коопсуздук, электрондук кол тамга жана аны колдонууга байланыштуу электрондук кызматтар боюнча консультация берүү.

**4.2. Эсептөө техникаларын (ЭТК) техникалык колдоо чөйрөсүндө:**

- Кызматкерлердин ЭТКны пайдалануу боюнча суроо-талаптарын кабыл алуу жана аткаруу;
- Кызматкерлерге жана студенттерге компьютердик жабдуулар жана периферияны колдонуу боюнча консультация берүү;
- ЭТК менен байланыштуу инциденттерге ыкчам жооп берүү;
- Компьютердик техникалардын, перифериялык түзүлүштөрдүн, интерактивдүү жабдуулардын жана офис техникаларынын бузулууларын диагностикалоо;
- Жабдууларга алдын алуу тейлөөсүн жүргүзүү;
- Бузулган компоненттерди жана бөлүктөрдү алмаштыруу, түзүлүштөрдүн иштөө жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү;
- Операциялык системаларды, драйверлерди жана колдонмо программалык камсыздоону орнотуу, жөндөө жана жаңыртуу;
- Университетте колдонулуучу стандарттык программалык продуктуларга колдоо көрсөтүү;
- Моралдык жактан эскирген же бузулган жабдууларды списание кылуу боюнча сунуштарды даярдоо.
- Университеттин материалдык каражаттарынын жылдык инвентаризациясына катышуу;
- Компьютердик классдардын, мультимедиялык жабдуулардын жана интерактивдүү панелдердин иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу;
- Окуу аудиторияларындагы техникалык жабдууларды сабак өткөрүүгө даярдоо;
- Окуу процессинде пайда болгон бузулууларды ыкчам оңдоо;
- Университеттин санариптик инфраструктурасын өнүктүрүү долбоорлорунда катышуу;
- Жаңы жабдууларды жана программалык продуктуларды тестирлөө;
- Антивирус коргоонун жана системалык жаңыртуулардын актуалдуулугун көзөмөлдөө;
- Иштөө орундарында аныкталган коркунучтарга жана инциденттерге убагында жооп берүү;
- Комплекс техникалык маселелерди чечүү үчүн тармактык сектор жана коопсуздук сектору менен ыкчам кызматташуу;
- Сатып алынган жабдууларды кабыл алууга катышуу, спецификацияларга ылайыктуулугун текшерүү.

**4.3. Тармактык коммуникация чөйрөсүндө:**

— Университеттин тармактык инфраструктурасын, анын ичинде локалдык эсептөө тармактарын, магистральдык каналдарды, чекиттүү туташтырууларды жана бөлүштүрүү түйүндөрүн пайдалануу жана колдоо;

— Маршрутизация, коммутация, жүктү балансоо жана өткөрүү жөндөмдүүлүгүн контролдоо сыяктуу тармактык кызматтардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу;

— Жабдуулардын жана байланыш каналдарынын абалын мониторингдөө, бузулууларды ыкчам аныктоо жана жоюу, алдын алуу иш-чараларын өткөрүү.

- Тармактык инфраструктураны пландаштыруу, өнүктүрүү жана модернизациялоо, тармактык ресурстардын сапатын жана өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу боюнча техникалык сунуштарды даярдоо;
- Тармактык жабдууларды орнотуу, жөндөө жана коштоо;
- Тармактык деңгээлдеги маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу, анын ичинде тармактык саясатын көзөмөлдөө, кирүүгө чектөө коюу, трафикти фильтрлөө жана коопсуздук сектору менен кызматташуу.

— Wi-Fi тармактарын уюштуруу жана колдоо, кирүү түйүндөрүн башкаруу, авторизация саясатын жөндөө жана ресурстарды бөлүштүрүү;

— Жаңы тармактык чечимдерди долбоорлоо жана киргизүүгө катышуу, анын ичинде видеокөзөмөл системалары, кирүүнү башкаруу системалары жана тармактык интеграцияны талап кылган башка кызматтар;

— Окуу корпустарынын, лабораториялардын жана административдик имараттардын тармактык даярдыгын камсыз кылуу;

— Университет кызматкерлерине туташуу, тармактык кызматтарга жеткиликтүүлүк жана тармактык жабдууларды колдонуу боюнча консультациялык жардам көрсөтүү.

## 5.Укуктары

**5.1. Бөлүмдүн укуктары:**

— Өз функцияларын аткаруу үчүн керектүү маалыматтарды Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн суроо жана алуу;

— Санариптик инфраструктураны модернизациялоо жана оптимизациялоо боюнча сунуштарды киргизүү;

— Жабдууларды жана программалык камсыздоону сатып алууну демилгелөө;

— Санариптик системаларды тейлөө боюнча тышкы уюмдар менен кызматташуу;

— Университеттин маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү ички нормативдик актыларын иштеп чыгууга катышуу;

— Коопсуздукка коркунучтарды аныктоодо ресурстарга жеткиликтүүлүктү токтотуу;

— Адистештирилген иштерди аткаруу үчүн сырттагы уюмдарды тартуу;

— Бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер боюнча жыйындарга катышуу;

— Өз компетенциясынын чегинде Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн программалык-техникалык каражаттарды колдонуу ишмердүүлүгүн текшерүү жана координациялоо.

## 6. Жоопкерчилиги

**6.1. Бөлүмдүн кызматкерлери төмөнкүлөр үчүн жооптуу:**

— Өз кызматтык милдеттерин аткарбоо же туура эмес аткаруу;

— Техника жана тармактык жабдууларды пайдалануу эрежелерин бузуу;

— Маалыматтык коопсуздук талаптарын бузуу;

— Ишенип берилген материалдык баалуулуктарды сактоо жана бүтүндүгүн камсыз кылуу;

— Техникалык колдоонун сапаты жана убагында аткарылышы;

— Өз ишмердүүлүгү учурунда жасалган укук бузуулар үчүн, Кыргыз Республикасынын азыркы административдик, кылмыш жана жарандык мыйзамдарына ылайык.

## 7. Башка бөлүмдөр менен өз ара аракеттешүү

**7.1.** Бөлүм Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен санариптик инфраструктураны тейлөө, техникалык колдоо көрсөтүү жана маалыматтык системалардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча өз ара аракеттешет.

**7.2.** Бөлүмгө зарыл болгон учурда университетти санариптештирүү долбоорлорун ишке ашыруу үчүн башка бөлүмдөрдүн кызматкерлери тартылат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ: УИБ башчысы Исраилов А.Ж.